# Кытай Эл Республикасынын менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы берүү тууралуу

# КЕЛИШИМ

Кытай Эл Республикасы менен Кыргыз Республикасы, мындан ары "Макулдашып ж аткан Тараптар" деп аталуучулар, эгемендүүлүктүн, тең укуктун жана өз ара пайданы н негизинде жана кылмыштуулук менен күрөшүү тармагында эки мамлекетте тең кы змattашууну бекемдөө максатында,
төмөндөгүлөр жөнүндө келишишти:

## 1-статья
## Берүүнүн милдеттери

Макулдашып жаткан Тараптар кылмыш жообуна тартуу же мыйзамдуу күчүнө кирг ен жазаны аткарууга мажбур кылуу үчүн өз өлкөсүнүн аймагында жүргөн адамдарды бири-бирине берүү өтүнүчүн ушул Келишимдин жоблоруна ылайык аткарууга милдет тенишет.

## 2-статья
## Берүүгө себеп болгон кылмыштар

1. Ушул Келишимде көрсөтүлгөн "берүүгө себеп болгон кылмыштар" деген сөз - Ма кулдашып жаткан Тараптардын мыйзамдарына ылайык кылмыш деп эсептелген ишт ерди жана жасалган иштер үчүн:
1) Кытай Эл Республикасынын мыйзамына боюнча бир жылдан кем эмес мөөнөттөг ү түрмө жазасын же башка көбүрөөк катуу жазаны;
2) Кыргыз Республикасынын мыйзамы боюнча бир жылдан кем эмес мөөнөткө эрки нен ажыратылган жазаны же башка көбүрөөк катуу жазаны билдирет.

2. Эгерде берүүсү талап кылынган адам ушул статьянын 1-пунктунда көрсөтүлгөн бе рүүнү талап кылуучу бардык кылмышы үчүн суроо-талап жиберген Макулдашып жат кан Тараптын соту аркылуу түрмө жазасына өкүм чыгарылса, өкүмдү аткаруу үчүн, б елгиленген мөөнөттүн бүтүшүнө алты айдан кем эмес убакыт калганда гана берүүнү ишке ашырат.

3. Берүү жөнүндө маселени чечүүдө жана Макулдашып жаткан Тараптардын экөөнү н тең мыйзамдары боюнча кандайдыр бир иштин кылмыш экендигин аныктоодо, аны н юридикалык квалификациясы жана терминологиялык аныктамасы мааниге ээ эмес.

4. Эгерде берүүсү талап кылынган адам бир нече кылмыш иштерине тиешелүү болс о, алардын ар бири Макулдашып жаткан Тараптардын мыйзамдарына ылайык кылмы штык жазага тартылат, бирок алардын кээ бирлери ушул статьянын 1- жана 2-пунктта рында айтылган шарттарга жооп бербесе, берүүсү талап кылынган адамдын акыркы иштерине карата, анын жок дегенде бир иши берүүнү талап кылса гана суроо-талап а лган Макулдашып жаткан Тарап берүүгө уруксат бере алат.

## 3-статья
## Берүүнү токтотуу учурлары

Төмөнкү учурларда берүүгө болбойт:

1) берүү жөнүндө өтүнүч түшкөн адам суроо-талап алган Макулдашып жаткан Тарап тын граждани болуп эсептелсе;

2) берүү жөнүндө түшкөн адамга суроо-талап алган Макулдашып жаткан Тараптын мыйзамына ылайык баш калкалоо укугу берилсе;

3) берүү жөнүндө өтүнүчтү алган учурда суроо-талап алган Макулдашып жаткан Та раптын мыйзамына ылайык, берүүсү талап кылынган адамга мөөнөттүн эчак бүткөнү нүн айынан же башка мыйзамдык негизде кылмыштык куугунтуктоо ишин козгоого же өкүм чыгаруу мүмкүн эмес болсо;

4) берүүсү талап кылынып жаткан адамды суроо-талап алган Макулдашып жаткан Т араптын компетенттүү мекемелери тарабынан берүү жөнүндө өтүнүчтү алганга чейин бир эле кылмышы боюнча мыйзамдуу күчүнө кирген өкүм чыгарса же ошол иштери боюнча кылмыш-жаза сот иштери аяктаса.

## 4-статья
## Берүүдөн баш тартылышы мүмкүн болгон учурлар

Суроо-талап алган Макулдашып жаткан Тарап төмөнкү учурлардын бардыгынан ба ш тартууга укугу бар:

1) Берүү жөнүндө өтүнүч жиберилген кылмыш суроо-талап алган Макулдашып жат кан Тараптын мыйзамына ылайык юрисдикцияга ээ болсо. Мындай учурларда суроо-т алап алган Макулдашып жаткан Тарап суроо-талап жиберген Макулдашып жаткан Та раптын өтүнүчү боюнча берүүгө тыюу салынган адамга кылмыштык куугунтуктоо и штерин козгоого тийиштүү.

2) эгерде суроо-талап алган Макулдашып жаткан Тарап берүүнү сурап жаткан кылм ыштын мүнөзүн жана суроо-талап жиберген Макулдашып жаткан Тараптын кызыкчы лыгын эске алып, ал адамды берүү - жаш өзгөчөлүгүнө, ден соолугуна же башка жеке абалдарына карата боорукерлик принцибине жооп бербейт деп эсептесе;

3) берүүсү талап кылынып жаткан адамды ошол эле кылмышы үчүн суроо-талап алг ан Макулдашып жаткан Тарап кылмыштык куугунтуктоого алса;

4) Макулдашып жаткан Тараптардын биринин мыйзамына ылайык кылмыш иши кү нөкөрдүн жеке арызданусу боюнча козголуп жатса.

## 5-статья
## Өз граждандарын бербей коюунун натыйжалары

Эгерде ушул Келишимдин 3-статьясынын 1-пунктуна ылайык берүүгө уруксат берил бесе, анда суроо-талап алган Макулдашып жаткан Тарап суроо-талап жиберген Макул дашып жаткан Тараптын өтүнүчүнүн негизинде ал адамга өзүнүн мыйзамына ылайык кылмыштык куугунтуктоо козгойт. Ушул максатта суроо-талап жиберген Макулдаш ып жаткан Тарап өзүнүн буйругундагы материалдар менен далилдөөлөрдү суроо-тала п алган Макулдашып жаткан Тарапка берет.

## 6-статья
## Байланышуунун тартиби

Ушул Келишимдин максаты үчүн Макулдашып жаткан Тараптар алар тарабынан дайындалган компететнтүү органдар аркылуу бири-бири менен байланышат. Алардын дайындалышына чейин байланыштар дипломатиялык каналдар боюнча ишке ашышы керек.

## 7-статья
## Тилдер

Макулдашып жаткан Тараптар ушул Келишимди аткаруу учурунда Макулдашып жаткан башка Тараптын мамлекеттик тилиндеги же англис тилиндеги котормосу кошо тиркелген, өздөрүнүн мамлекеттик тилдерин колдонушат.

## 8-статья
## Берүү жөнүндө өтүнүч жана керектүү документтер

1. Берүү жөнүндө өтүнүч жазуу жүзүндө берилиши керек жана алардын мазмунунда төмөндөгүлөр болушу керек:

1) суроо-талап жиберген мекеменин аталышы;

2) берүүсү талап кылынган адамдын фамилиясы, аты, жынысы жана жашы, анын граждандулугу, жашаган жери жана келген жери жөнүндө маалыматтар жана башка анын ким экендигин көрсөткөн маалыматтар, ошондой эле мүмкүн болушунча ал адамдын тышкы сүрөттөлүшү, анын фотографиясы жана бармактарынын тактары;

3) кылмыш иштеринин факты түрүндөгү сүрөттөлүшү, материалдык зыянын менен кошо анын натыйжалары;

4) кылмыш жоопкерчилигине же жазаны аткарууга тартылган убакыттытын узактыгына тиешелүү мыйзамдын тексти;

5) жасалган иш кылмыш деп эсептелген мыйзамдын тексти, мыйзамда каралган жазалоо чаралары менен кошо;

2. Ушул статьянын 1-пунктунда көрсөтүлгөн маалыматтан башкасына, кылмыш куугунтоосун ишке ашыруу үчүн берүү жөнүндө өтүнүчкө суроо-талап жиберген Макулдашып жаткан Тараптын компетентүү органы тарабынан берилген арест кылууга ордердин көчүрмөсү дагы тиркелиши керек.

3. Ушул статьянын 1-пунктунда көрсөтүлгөн маалыматтан башкасына, өкүмдү аткарууга мажбурлоо үчүн берүү жөнүндөгү өтүнүчкө төмөндөгүлөр дагы тиркелиши керек:

1) мыйзамдуу күчүнө кирген же сот тарабынан аныкталган кылмыш иштери боюнча өкүмдүн көчүрмөсү;

2) жазанын өтөгөн бөлүгү жөнүндө справка.

4. Суроо-талап жиберген Макулдашып жаткан Тарап аркылуу берилген документтер, анын компетентүү органдары тарабынан кол коюлушу жана мөөр менен күбөлөндүрүлүшү керек.

## 9-статья
## Кошумча маалыматтар

Эгерде суроо-талап алган Макулдашып жаткан Тарап ушул Келишимдин жоболорун
а ылайык берүү жөнүндө өтүнүчкө тиркелген материалдар толук эмес деп эсептесе, а
нда ошол Макулдашып жаткан Тарап суроо-талап жиберген Макулдашып жаткан Тар
аптан кошумча маалымат берүүнү жөнүндө талапты алган күндөн тартып эки ай арал
ыгында кошумча маалыматты берүүсүн талап кыла алат. Мурдараак кабарланган маа
нилүү себептер болсо, бул мөөнөт 15 күнгө узарышы мүмкүн. Эгерде суроо-талап жи
берген Макулдашып жаткан Тарап көрсөтүлгөн мөөнөттө кошумча маалыматты берб
есе, анда ал өтүнүчтөн баш тарткан катары каралып жана ал адам көзөмөлдөн бошоту
лат. Бирок бул суроо-талап жиберген Макулдашып жаткан Тараптын ошол эле кылм
ыш менен байланыштуу ошол адамды берүү жөнүндө өтүнүч менен кайрадан кайрыл
уусуна жолтоо болбойт.

## 10-статья
## Берүү үчүн көзөмөлгө алуу

Берүү жөнүндө өтүнүчтү алгандан кийин суроо-талап алган Макулдашып жаткан Та
рап ушул Келишимге ылайык берүүгө жол берилбеген учурларды коппогондо, берүү
сү талап кылынган адамды көзөмөлгө алууга чараларды кечиктирбестен кабыл алат.

## 11-статья
## Берүү жөнүндө өтүнүчтү алганга чейин көзөмөлгө алуу

1. Макулдашып жаткан Тараптардын бири кийинкиге калтырууга чыдабаган учурла
рда жана ушул Келишимдин 8-статьясында көрсөтүлгөн берүү жөнүндө өтүнүчтү алга
нга чейин Макулдашып жаткан башка Тараптан берүүсү талап кылынган адамды көзө
мөлгө алууну өтүнө алат. Бул өтүнүч жазуу жүзүндө ушул Келишимдин 6-статьясында
каралган каналдар боюнча же байланыштын бардык каражаттарын колдонуу менен
Макулдашып жаткан Тараптардын макулдашкан башка каналдары боюнча берилиши
керек.
2. Өтүнүчтө - берүүсү талап кылынган адам жөнүндө, анын жашаган жери жана келг
ен жери жөнүндө маалыматтар, эгерде ал тууралуу белгилүү болсо; иштин факты түр
үндөгү абалынын кыскача сүрөттөлүшү; арест кылууга ордердин бар экендиги жөнүн
дө маалымат же мыйзамдуу күчүнө кирген өкүм же соттук аныктоо жана берүү кечи
ктирилбестен жиберилиши керек деген көрсөтмөсү бар маалыматтар болушу керек.
3. Суроо-талап алган Макулдашып жаткан Тарап ушул өтүнүчтү кароонун жыйынты
ктары жөнүндө суроо-талап жиберген Макулдашып жаткан Тарапка өз убагында каба
рлап турушу керек.
4. Эгерде ушул Келишимдин 8-статьясында көрсөтүлгөн өтүнүчтөр жана документте
р суроо-талап жиберген Макулдашып жаткан Тараптан адамды көзөмөлгө алган күнд
өн тартып 30 күндүн аралыгында келбесе, ушул статьянын 1-пунктуна ылайык көзөмө
лгө алынган адам бошотулат. Эгерде бул мөөнөттүн бүтүшүнө чейин суроо-талап жи
берген Макулдашып жаткан Тараптан тиешелүү түшүндүргөн өтүнүч келсе, бул мөөн
өт 15 күнгө узарышы мүмкүн.
5. Эгерде ушул Келишимдин 8-статьясына ылайык суроо-талап жиберген Макулдаш
ып жаткан Тарап берүү тууралуу өтүнүч жана документтерди берүү өтүнүч

ү менен кайрылса, анда ушул статьянын 4-пунктуна ылайык көзөмөлгө алынган адамд ын бошонушу, аны кийин кайрадан берүүгө тоскоол болбойт.

## 12-статья
## Берүүгө тиешелүү адамды берүү

1. Суроо-талап алган Макулдашып жаткан Тарап кечиктирбестен суроо-талап жибер ген Тарапка берүү жөнүндө өтүнүчкө тиешелүү өзүнүн чечимин тууралуу билдирет. Өтүнүч канааттандырылып калса, Макулдашып жаткан Тараптар берүүнүн күнүн жа на ордун, ошондой эле берүүнү жүзөгө ашырууга байланыштуу башка маселелерди м акулдашышат. Берүү жөнүндө өтүнүчтөн бөлүп-бөлүп же толук баш тарткан учурда с уроо-талап алган Макулдашып жаткан Тарап мындай чечимдин себептери жөнүндө м аалымдайт.

2. Эгерде суроо-талап жиберген Макулдашып жаткан Тарап берүү күнү белгиленген ден кийин 15 күндүн ичинде берүүгө таандык адамды албаса, анда бул берүү жөнүндө өтүнүчтөн баш тарткан катары каралат. Суроо-талап алган Макулдашып жаткан Тара п ал адамды тезинен бошотот жана ошол эле кылмышы менен байланышкан ал адамд ы берүү жөнүндө суроо-талап жиберген Макулдашып жаткан Тараптын экинчи жолку өтүнүчүнө баш тарта алат.

3. Эгерде Макулдашып жаткан Тараптардын бири берүүнү ишке ашыруу үчүн белги ленген мөөнөттө андан көз каранды эмес кандайдыр бир себептер менен бере албай к алса же бере турган адамды ала албай калса, анда ал Макулдашып жаткан Тарап өз уб агында Макулдашып жаткан башка Тарапка билдирет. Макулдашып жаткан Тараптар алгачкы макулдашылган күндөн тартып 15 күндүн аралыгында кайрадан берүүнүн ж аңы мөөнөтүн макулдашышат жана ушул статьянын 2-пунктунун жоболорун колдону шат.

## 13-статья
## Берүүнү узартуу жана убактылуу берүү

1. Эгерде талап кылынган адам суроо-талап алган Макулдашып жаткан Тараптын ай магында башка кылмыш үчүн кылмыш жообуна тартылса же жазасын өтөп жатса, ан да суроо-талап алган Макулдашып жаткан Тарап берүүгө макулдугу жөнүндө чечим ч ыгарылгандан кийин иштери боюнча жумуштун бүтүшүнө, жаза тартуусунун мөөнөтү бүткөнгө чейин же эрте бошотконго чейин берүүнү узарта алат жана ал жөнүндө сур оо-талап жиберген Макулдашып жаткан Тарапка билдирет.

2. Эгерде ушул статьянын 1-пунктунда каралган берүүнүн мөөнөтүн узартуу кылмы штык куугунтуктоонун мөөнөтүнүн узактыгынын бүтүшүнө алып келсе же кылмышт ы тергөөнү кыйындатса, анда суроо-талап алган Макулдашып жаткан Тарап аркылуу берүүсү аталап кылынган адамды суроо-талап жиберген Макулдашып жаткан Тарапт ын жогорудай түшүндүрүлгөн өтүнүчү боюнча убактылуу берилиши мүмкүн.

3. Убактылуу берилген адам иштери боюнча жумуштары бүтөөрү менен кечиктирбе стен суроо-талап жиберген Макулдашып жаткан Тарап аркылуу кайтарылышы керек.

## 14-статья
## Бир нече мамлекеттерден берүү жөнүндө өтүнүчтөр

Эгерде Макулдашып жаткан Тараптардын бири Макулдашып жаткан башка Тарапта н жана үчүнчү мамлекеттен бир эле адамды берүү жөнүндө өтүнүч алса, анда ал адам ды кимисине берүүсүн өзү чечет.

15-статья
Атайын укуктар

1. Суроо-талап алган Макулдашып жаткан Тараптын макулдугусуз суроо-талап жиберген Макулдашып жаткан Тарап берүүгө чейин жасаган башка кылмышы үчүн берилген адамды кылмыш жообуна тарта албайт же жазалай албайт, жана үчүнчү мамлекетке бериши мүмкүн эмес.

2. Суроо-талап алган Макулдашып жаткан Тараптын макулдугу төмөнкү учурларда талап кылынбайт:

1) эгерде берилген адам кылмыштык куугунтуктоо жана жаза тартуунун мөөнөтү бүткөндөн кийин же эрте бошоткондон кийин 30 күндүн аралыгында, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө карабастан суроо-талап жиберген Макулдашып жаткан Тараптын аймагынан чыгып кетпесе. Бул мөөнөткө суроо-талап жиберген Макулдашып жаткан Тараптын аймагынан, ал берилген адамдан көз каранды эмес абалдардын айынан жогорудагы берилген мөөнөттүн аралыгында чыгып кете албаса, ал убакыт эсептелбейт.

2) эгерде берилген адам суроо-талап жиберген аймагынан чыгып кетип, кайра анын аймагына өз эрки менен кайрылып келсе.

16-статья
Кылмыш менен байланышкан предметтерди берүү

1. Суроо-талап жиберген Макулдашып жаткан Тараптын өтүнүчү боюнча суроо-талап алган Макулдашып жаткан Тараптын мыйзамында белгиленген чектерде, берүүсү талап кылынып жаткан адам аркылуу жасалган кылмыштын куралдары болуп эсептелген предметтерди, ошондой эле кылмыштын изине тиешеси бар же кылмыш жолдору менен табылган предметтерди берет.

2. Жогоруда айтылган предметтер берүүсү талап кылынган адам өлүп калса, качып кетсе же башка себептер менен берилбей калган учурда да берилет.

3. Эгерде ушул статьянын 1-пунктунда көрсөтүлгөн предметтер суроо-талап алган Макулдашып жаткан Тарапка кылмыш ишинде буюмдук далилдер катары зарыл керек болсо, анда ал предметтерди берүү - иштин бүтүшүнө чейин узарышы мүмкүн.

4. Жогруда көрсөтүлгөн предметтерге суроо-талап алган Макулдашып жаткан Тараптын жана бардык башка үчүнчү жактын мыйзамдык укугу жана кызыкчылыгы күчүндө кала берет. Иштер бүткөндөн кийин суроо-талап жиберген Макулдашып жаткан Тарап мүмкүн болушунча кечиктирбестен ал предметтерди суроо-талап алган Макулдашып жаткан Тарапка кайтарып берет. Эгерде ал предметтерге мыйзамдуу укугу бар үчүнчү жак суроо-талап жиберген Макулдашып жаткан Тараптын аймагында жайгашса, анда суроо-талап алган Тараптын макулдугу менен суроо-талап жиберген Тарап предметтерди аларга түз эле бере алат.

17-статья
Транзиттик алып өтүү

1. Эгерде Макулдашып жаткан Тараптардын бирине үчүнчү мамлекеттен Макулдашып жаткан башка Тараптын аймагы аркылуу адам бериле турган болсо, кызыкчылыгы бар Макулдашып жаткан Тарап Макулдашып жаткан башка Тараптан анын аймагы аркылуу ал адамды транзит менен алып өтүүгө уруксат сурайт.

2. Ушул статьянын 1-пунктунун жобосу Макулдашып жаткан башка Тараптын аймагында конуу болжолдонбогон учурда аба транспортун колдонууда жол берилбейт.
3. Суроо-талап алган Макулдашып жаткан Тарап ушул Келишим боюнча берүүгө тиешеси жок адамды транзиттик алып өтүүдөн баш тарта алат.

18-статья
Жыйынтыктары жөнүндө билдирүү

Суроо-талап алган Макулдашып жаткан Тарап берилген адамга тиешелүү кылмыштык куугунтуктоонун же жазаны аткаруунун жыйынтыктары жөнүндө, ошондой эле үчүнчү мамлекетке ал адам берилген-берилбегендиги жөнүндө суроо-талап жиберген Макулдашып жаткан Тарапка өз убагында кабарлайт жана суроо-талап алган Макулдашып жаткан Тараптын өтүнүчү боюнча ага кылмыш иштери боюнча акыркы чечиминин көчүрмөсү берилет.

19-статья
Чыгымдар

Суроо-талап алган Макулдашып жаткан Тараптын аймагында берүү жөнүндө өтүнүч менен байланышкан, ошондой эле арест жана мүлктөрүн берүү, берилген адамды көз өмөлгө алуу менен байланышкан бардык чыгымдарды суроо-талап алган Макулдашып жаткан Тарап көтөрөт.

20-статья
Башка эл аралык келишимдерге болгон мамиле

Ушул Келишим катышуучусу болуп эсептелген Макулдашып жаткан Тараптардын эл аралык келишимдерден келип чыккан милдеттери менен укуктарын козгобойт.

21-статья
Чатактарды чечүү

Ушул Келишимди түшүндүрүү же аткаруу менен байланыштуу келип чыккан бардык чатактар дипломатиялык каналдар боюнча консультациялар жана сүйлөшүүлөр жолу менен чечилет.

22-статья
Ратификациялоо жана күчүнө кириши

Ушул Келишим ратификацияланат. Ратификациялык грамоталар менен алмашуу Бишкек шаарында жүргүзүлөт. Бул Келишим ратификациялык грамоталарды алмашкан күндөн кийин отузунчу күнүндө күчүнө кирет.

## 23-статья
## Аракетин токтотуу

1. Ушул Келишим белгисиз мөөнөткө түзүлгөн жана анын аракетин токтотуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү билдирүүнү Макулдашып жаткан Тараптардын бири дипломатиялык каналдар боюнча жибергенден кийин алты айдын бүтүшү менен өз аракетин токтотот.

2. Ушул Келишимдин аракетин токтотуу, бул Келишимдин аракетин токтотконго чейин башталган бериле турган адамды берүү процессине тоскоолдук кылбайт.

Пекин шаарында 1998-жылдын "27"- апрелинде эки нускада, ар бири кытай, кыргыз жана орус тилдеринде түзүлдү, мында үч текст тең бирдей күчкө ээ.

Кытай Эл Республикасы
үчүн

张德广

Кыргыз Республикасы
үчүн

